| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «09» 11<br>№ 03 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К. Турусбекова<br>________________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>________________<br>2024-ж. «___» ________ |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин студенттери үчүн окутуунун жеке графиги жөнүндө**

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо:

- И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары - тиешелүүлүгүнө жараша Университет жана Колледж) жүйөлүү себептер боюнча окуу сабактарына убактылуу катыша албаган жана/же белгиленген мөөнөттө аттестациядан өтө албаган билим алуучулары үчүн окуу процессин уюштуруунун тартибин жөнгө салат;
- теориялык материалды өздөштүрүүнүн, практикалык, лабораториялык жана башка иштердин түрлөрүн аткаруунун тартибин, ошондой эле текшерүү иштин формаларын (лекция конспектилери, рефераттар, тесттер, маселелерди чыгаруу, практикалык иштердин натыйжалары, лабораториялык иштерге даярдоо үчүн материалдар ж.б.у.с.) расписаниядан тышкары белгилейт;
- билим алуучуну окутуунун жеке графикке которуу шарттарын жана негиздерин жөнгө салат (мындан ары - ОЖГ).

1.2. Бул Жобо "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү уюму жөнүндө" Жобого, "Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында кредиттик билим берүү технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруунун эрежелерине", "И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө" жана "И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин студенттеринин окуудагы жетишкендиктеринин учурдагы мониторинги жана аралык аттестациялоо жөнүндө" Жобого, "И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин билим алуучулары үчүн электрондук окутуу жана дистанттык окутуу технологияларын колдонуу менен НКББП ОКББны ишке ашыруу", "И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин билим алуучуларынын ата-энелери үчүн электрондук окутуу жана дистанттык окутуу технологияларын колдонуу менен НКБП ОКББны ишке ашыруу" Нускамаларына жана Университеттин жана Колледждин башка жергиликтүү ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Окутуунун жеке графиги (мындан ары - ОЖГ) билим алуучуну окутууну уюштуруунун формасы, мында окуу планынын дисциплинасынын бөлүгү билим